**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын**

**Б.Джамгерчинов атындагы арых, археология жана этнология институту**

**Д 97.23.671 диссертациялык кеңеши**

**ПРОТОКОЛ № 33**

Бишкек ш. 18-октябрь 2024-ж.

Төрага: Осмонов Ө.Ж - т.и.д., профессор

Окумуштуу катчы: Карыева А. К. т.и.д., доцент

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (терага) - т.и.д. (07.00.02).
2. Алымбаев Жээнбек Байыскулович - т.и.д. (07.00.02; 07.00.09).
3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) - т.и.д. (07.00.02; 07.00.09).
4. Арзыматова Айнура Атыгаевна - т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
5. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович - т.и.д. (07.00.09).
6. Мухаметханулу Набижан – т.и.д. (07.00.03). (Онлайн)
6. Ормушев Асан Сулайманович - т.и.д. (07.00.02).
7. Эсенкулов Нурмамат Жокенович - т.и.д. (07.00.02).
8. Джуманалиев Акылбек Джуманалиевич т.и.д. (07.00.02).
9. Кылычев Акылбек Мукаевич (07.00.02; 07.00.09).

**Күн тартиби:**

1. Пасанова Клара Балтабаевнанын «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы- XX к. башы) » деген темадагы кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу.

Адистиги: 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы.

Илимий жетекчиси: т.и.д., профессор Алымбаев Ж.Б.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, диссертациялык кеңештин отурумун баштасак болот. Кворум бар. Кеңештин 15 мүчөсүнөн 10 мүчөсү катышып жатат.

Күн тартибинде Пасанова Клара Балтабаевнанын «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы - XX к. башы)» деген темадагы, Адистиги: 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы боюнча жазылган тарых илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу жазылган диссертациясынын алдын ала коргоосу. Илимий жетекчиси: т.и.д., профессор Алымбаев Ж.Б.

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы археология, этнология кафедрасында аткарылган.

**Төрага:** Күн тартиби боюнча суроонуздар барбы? Анда бекитебиз добуш бериңиздер:

**МАКУЛ** бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Изденүүчүнүн өздүк делосу менен таанышуу үчүн окумуштуу катчы т.и.д. Карыева Анара Карыевнага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Изилдөөнүн өздүк делосундагы документтер КРдин УАКнын талаптарына жооп берет.

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Пасанова Клара Балтабаевнанын өздүк делосунда КРдин УАКнын талаптарына ылайык төмөнкүдөй документтери бар. Изденүүчү К. Пасанованын диссертациялык кеңештин төрагасынын атына жазылган коргоого жана коргоого кабыл алууга жазылган арызы, иштеген жеринен кубөлөндүрүлгөн кадрларды эсепке алуу боюнча өздүк баракчасы бар.

1981-жылы туулган. КРдин жараны, улуту кыргыз. 2004-жылы ОшМУнун тарых факультетинин күндүзгү бөлүмүн бүтүргөн.

Изденүүчүнүн аттестациялык делосунда ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин илимий темасын жана жетекчисин бекитүү боюнча 2014-жылдын 25-июнундагы жана 2020-жылдын 28-февралындагы протоколунун көчүрмөлөрү бар. Темасы «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн

трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы - XX к. башы)» Илимий жетекчиси: т.и.д., профессор Алымбаев Ж.Б.

Илимий иш Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстандын тарыхы жана археология, этнология кафедрасында 2024-жылдын 23-апрелинде №7 протоколунун көчүрмөсү, илимдердин философиясы, кыргыз тили, англис тили предметтеринен тапшырылган экзамендердин протоколдорунун көчүрмөсү, диссертациясынын негизги жыйынтыктары боюнча илимий басылмаларда басылып чыккан илимий эмгектеринин тизмеси, тизме КРдин УАКнын талаптарына ылайык түзүлгөн, диссертациялык темасы боюнча диссертациялык кенештин эксперттик комиссиянын корутундулары берилген.

Диссертациялык иш боюнча диссертациялык кеңештин эксперттери- т.и.д. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович, т.и.д. Эсенкулов Нурмамат Жокенович, т.и.д. Болпонова Асыл Бакытбековна дайындалган

**Төрага:** Окумуштуу катчыга суроонуздар барбы?

-Жок.

-Анда сөз изденүүчү К. Пасановага берилет.

**Изденүүчү Пасанова К.:** Саламатсыздарбы, урматтуу төрага жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, сиздердин кароонуздарга «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы - XX к. башы)» деген темадагы диссертациялык изилдөөмдү сунуш кылам.

**Теманын актуалдуулугу.** Эгемендүүлуктүн доорунда базар экономикасынын, жеке менчик мамилелеринин өнүгүшү менен Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшү ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, жаны социалдык катмарлар жаралып, алардын өз ара мамилелери динамикалуу түрдө өнүгүп жаткан мезгили. Эгемен Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр, XIX к.экинчи жарымы -XXк. башындагы салттуу кыргыз комунун тузулушундо болуп өткөн тарыхый мезгилдин тажрыйбасын гана эске албастан, элдин менталитетин түшүнүүгө, аталган маселени жаны тарыхый позициядан изилдеп, баа берүү тарых зарылдыгын жаратып олтурат. Аталган тарыхый

доордогу салттуу кыргыз коомунун социалдык тузулушунун трансформациялануу процессин изилдоонун акуталдуулугу төмөнкү бир катар себептер менен түшүндүрүлөт:

Биринчиден, революцияга чейинки доордо салтуу кыргыз коомунун түзүлүшүн чагылдырган изилдөөлөргө, тарыхый булактарга жаны тарыхый таризде талдоо жүргузүү талабынын жаралгандыгы.

Экинчиден, XXк.80-жылдарынын аягына чейин эл аралык илимий изилдөө практикасында эки концептуалдык методологиялык ыкма(подход) устомдук кылып келгендиги белгилүү: “таптык” жана “стратификациялык”. Ал эми советтик тарыхнаамада болсо коомдун социалдык түзүлүшүн аныктоодо марксистик-лениндик теорияга негизделген “таптык” ыкма үстөмдүк кылганы белгилүү. Аталган таптык ыкма коомдогу таптык белгилерге ээ болбогон: чайрикер, мандикер, жарды, жалчы ж.б. ушул сыяктуу топтордун бар экендигин эске алган эмес. Тарыхта Совет мамлекетинин “таптык” саясаты трагедиялуу социалдык окуяларды жаратkандыгы белгилүү

Үчүнчүдөн, учурдагы гуманитардык илимде коомдун социалдык тузулушун аныктоодо коомдук-экономикалык формациялык түшүнуктөрдөн эмес, стратификациялык методун колдонуу аркылуу коомдун социалдык түзүлүшнө баа беруу жаны талабы катары каралып жаткандыгында. “Страт” термини геологиялык тушунук, «катмар» дегенди түшүндүрөт. Стратификациялык теория боюнча адам баласынын социумунда страттар-профессиоаналдык кесиби, билими, этникалык, демографиялык, гендердик белгилери боюнча, аймактык жайгашысуу (шаардык, айылдык) ж.б. критерийлер боюнча айырмаланышы мүмкүн. “Страт” түшүнүгү «тап» түшүнүгүнө караганда ийкемдуу келип, өзүнө кенири коомдук кубулуштардын камтып, аларга кенири анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк жаратат.

Төртүнчүдөн, колониалдык доордогу салтуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү трансформациялануу маселеси чарбалык өзгөрүүлөрдүн, акча-товар, соода мамилелеринин ж.б. тармактагы озгоруулордун журушунун

натыйжасын жаны социалдык катмарлардын жаралышына шарт түзгөндүгүн изилдөө маселенин актуалдуулугун шарттаган факторлор болуп саналат.

Демек, стратификациялык ыкма адамзаттын социумун тарыхый онугушунун ар бир этабында социалдык турмуштун толук картинасын калыбына келтирууго мумкундук жаратат. Жогорудагы тыянактарга таянуу менен салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү жаны концептуалдык-методологиялык таризде баа берүү изилдөөнүн актуалдуу экендигин айгинелейт.

**Изилдөөнүн негизги обьектиси** XIXк. аягы -XXк. башындагы салтуу кыргыз коомунун социалдык тузулушу. Каралып жаткан мезгилдеги салтуу кыргыз коому туурасында сөз болгондо көчмөн жарым көчмөн чарбалык турмушта жашап, патриахалдык-уруулук тузулуш мамилелери сакталган. Патриахалдык-феодалдык коомдун негизги массасын чон эмес сандагы малга ээ болгон- букара чарсы түзгөн. Ар бир топтун башында феодалдык-уруулук “ак соок” катмарлар(байлар, манаптар) турушкан. Патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүнүн бири урук-уруулук, туугандык(ата, апа тарабы, куда-сөөктүк багыттары боюнча) “уруулук биримдик”, “тууганчылдык жакындык”,”кандаш туугандык” ж.б.салтуу түшүнүктөрдүн үстөмдүк кылышы, анын мүнөздүү белгилери. Аталган салтуу элементтер ак соок менен букаранын ортосундагы мамилелерге өз таасирин тийгизген. Бай катмарлар уруулук принциптерди сактоо менен букара катмарларын жалдап иштетуу, кулчулук, кучун колдонуу сыяктуу мажбурлоо иштерди аткаркандыгына карабастан, салтуу нормаларды сактап келишкен.

**Изилдөөнүн предмети.** Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформациялануу процесси. Кыргызстандын Россия империясынын курамына каратылышынын натыйжасында административтик жаны башкаруу системамы киргизилип, элдик башкаруу органдары тузулуп, шайлоо нормасы практикалана баштаган. Көчүруп келуу саясатынын журушу, кочмон, европалык маданияттын ортосундагы синтездешуу процессине кенири шарт тузулгон.

Изилдөө ишиндеги кенири колдонулган методдордун бири бул-тарыхый-салыштырмалуулук методу болуп саналат. Тарыхый-салыштыруу методун колдонуу аркылуу колониалдык доордогу Фергана областы менен Жети-суу областарынын уездеринде жамшаган дыйкандардын ортосундагы дифференциялык процесстердин жүрүшүн салыштырууга мүмкүн берди.

Тарых илиминдеги маанилүү методтордун бири, - бул тарыхый-генетикалык метод болуп саналат. Тарыхый-генетикалык методтун негизги максаты тарыхый фактыларга аныктама беруу, алардын себептерин, озгочолукторун аныктоо жана натыйжаларына баа беруу болуп саналат. Маселен кыргыздардын коомдук тузулушундогу букара катмарларынын келип чыгышы, жаралышы жалпы бир тарыхый мезгилге туура келбейт.Аталган методду колдонуу аркылуу мандикер, чайрикер,жатакчы, малай ж.б. социалдык катмарлардын пайда болушунун генезисин XXк. башындагы жаны чарбалык мамилелердин жаралышынын натыйжасы катары кароо зарылдыгы жаралат.

Ал эми тарыхый-типологиялык методду колдонуу аркылуу салтуу кыргыз коомундагы социалдык катмарларды бир канча типтерге болуп карoого мумкундук жаратат. Типтерге болуунун башкы критерийлеринин бири социалдык катмарлардын мулкутук ажырымы, жерге, малга карата болгон жеке менчик формасынын айырмачылыктарын атап кетууго болот.

Диссертациялык эмгекте, салтуу кыргыз коомунун социалдык тузулушунун трансформациялануу маселесине анализ берип жатып, анын айрым методологиялык жагдайларына анализ жургузуу аркети жасалат. Трансформациялык процесстердин журушунун методологиялык маселелеринин катарына томонку факторлорду атоого: а) Россия империясынын жаны админиистративтик башкаруу системасынын киргизилиши; б) Оторлоштуруу саясаты;в) колониалдык доордогу жер маселеси.Ар бир аталган факторлорго кенири талдоо аркети жасалат.

**Изилдөөнүн максаты:** Илимий изилдөөнүн максаты XIXк. экинчи жарымы- XXк. башындагы салттуу кыргыз коомундагы социалдык

түзүлүшүндөгү трансформациялык процесстердин жүрүшүн изилдөө. Коюлган максатка жараша, төмөнкүдөй милдеттер коюлат:

-илимий маселенин изилденуу денгээлине анализ жүргүзүү

-илимий маселенин булактык базасына, изилдөө ыкмаларына, трансформациялык процесстин методологиясына талдоо жургузуу

- салттуу кыргыз коомунун социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн төмөнкү тармагындагы:

- салтуу жер иштетуучулуктөгү;

- отрукташуу процесстиндеги;

- акча-товар мамилелериндеги трансформациялык процесстерге анализ жүргузүү

-салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү:

-“ак сөөк” катмарларынын;

-букара катмарларынын арасындагы трансформациялык процесстерине талдоо жургузүү

- трансформациялык процесстердин жыйынтыктарына баа беруу

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Диссертациялык эмгектин илимий жанылыгы катары постсоветтик доордун тарыхнаамасында изилдөөнүн көз жаздымында калып келген илимий маселенин коюлушу жана анын чечилишине аракет жасоо. Диссертант илимий маселенин толук чечилишине талапкер катары карабастан, постсоветтик доордун тарыхнаамасынын практикасында алгачкы ирет салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн структурасын, социалдык стратификация теориясына таянуу аркылуу жаны концептуалдык-методологиялык позициядан изилдоого аракет жасалды.

-изилдөөнүн илимий жанылыгы катары диссертациялык эмгекте системалык ыкманы колдонуу аркылуу, коомдун социалдык тузулушунун транцсформацияланышын, коомдогу социалдык катмарлардын өз ара байланышы, алардын ич ара аракеттеринин тынымсыз онугушунун жыйынтыгы

катары бааланып, ар бир социалдык катмарларга тарыхый анализ беруу аракети жасалды.

**Коргоого алып чыгуучу жоболор:**

• Кочмон коомдогу социалдык катмарлардын жаралуу процессин кыргыздардын урук-уруулук патриахалдык коомдук мамилеиренен улам жарлаган, узак тарыхый процессти оз ичине камтыган тарыхый процесс катары кароо зарыл

• Колониалдык доордогу салтуу кыргыз коомунун социалдык тузулушундогу социалдык катмарлашуу тышкы трансформациялык факторлордун таасири астында жургон. Тышкы факторлорго Россия империясынын жаны административтик башкаруу системасынын киргизилиши, оторлоштуруу саясаты, жер маселесин атоого болот.

• Колониалдык бийлик «ак сөөк» катмаралардын функцияларын чектоого багытталган «Жоболорду» кабыл алуу менен алардын коомдогу ээлеген ордун, салтуу милдеттерин чектөөгө, жоюуга карата саясаттын ишке ашырууну көздөгөн

• Колониалдык доордогу социалдык түзүлүштүн өзгөрүү процессин учурдагы илимдеги актуалдуу теориялардын бири катары каралып жаткан стратификация теориясына таянуу аркылуу, социалдык тузулуштун өзгөрүүсунө анализ беруу социалдык топтордун ортосундагы өз ара мамилелерди ачып берүүгө шарт жаратат.

• Каралып жаткан тарыхый мезгилдеги социалдык тармактагы катмарлашуунун негизги белгиси (критерийи) катары «ак сөөк» топторунун кызматтык даражага ээ болушу( болуштук, старчындык бийлик, сот бийлиги) коомдогу ондуруш каражаттарына карата, аларды болуштуруудо озгочо абалды ээлешкен. Жерге, малга ж.б. менчиктин турлорун озуно ээлик кылып алууда укуктук-абалы жогору болгон. Мындай социалдык абал алардын ич ара топторго болунушун кучоткон

• Букара социалдык катмарларынын арасында жаны социалдык топтордун жаралышы, каралып жаткан мезгилдеги акча-товар мамилеринин онугушу, жер

иштетуучулук, мал чарбалык ж.б. социалдык чойродогу мулктук тенсиздиктен улам жаралган корунуш.

• Оторлоштуруу саясатынын натыйжасында жергиликтүү калк менен орус-дыйкан келгиндеринин ортосунда жаралган чарбалык, маданий, экономикалык өз ара мамилелер трансформациялык процесстин жүрүшүндө өзүнүн оң таасирин жараткан.

• Кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү XIXк.экинчи жарымы-XXк. башында жургон трансформациялык процесс, советтик мезгилде да уланып, бирок коомдун өзгөрүүсүнө административтик ыкма колдонулган.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы**

Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, сунуштары эл аралык жана Республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды. Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик журналдарга илимий макалалар жарыяланды.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын тарых адистиги бөлүмдөрүндө “Кыргызстандын тарыхы”, “Кыргызстандын тарыхынын тарыхнаамасы”, предметтери боюнча лекциялык материалдарга тарыхый, тарыхнаамалык булак катары колдонууга мүмкүндүк берет.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы:** Илимий эмгектин хронологиялык чеги катары XIXк. экинчи жарымы- XXк. башын кароого болот. Анткени Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен саясий, социалдык-экономикалык, маданий тармактагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнүн натыйжасында салтуу кыргыз коомуну трансформациялануугa душар болду.

Көңүл бурганыңыздарга ыракмат!

**Осмонов Ө. Ж. :** Жазылган илимий ишиңиз боюнча кандай тыянактар бар?

**Пасанова К.:** XIXк.экинчи жарымы- XXк. башы Кыргызстандын тарыхындагы маанилуу саясий, социалдык-экономикалык, маданий озгоруулорго дуушар мезгил. Кыргызстан Россия империясына каратылышы менен коомдук тузулуштун бардык тармактары империя жургузо баштаган колониалдык саясатка дуушар болуп, каратып алуу, куч колдонуу, бюрократиялык башкаруу системасынын бекемделишине карабастан, социалдык-экономикалык тармакта трансформациялык процесстер журо баштаган. Кочмон кыргыз элинин турмушундагы узак тарыхый мезгилди озуно камтып, бир этноско таандык адат, салт, уруп-адаттардын жыйындысынан тузулгон салттуу коомдук тузулушу озгорууго дуушар болгон.

**Ормушев А. С.:** Орус келгиндеринин кыргыз коомуна тийгизген оң жана терс жактары, Ч. Валихановду эмне үчүн тарыхнаамага коштуңуз.

**Пасанова К:** XXк. башындагы Жети-Суу уездинин Пишпек, Пржевальск уездериндеги социалдык-экономикалык абалды сүрөттөгөн тарыхый булактардын катына П.П.Румянцевдин жетекчилиги астында чогултулуп, анализделинип жарыяланган эмгектерди кошууга болот. Пишпек уездине арналган эмгегинде орус кыштактарынын пайда болушу, калктын курамы, дыйканчылык,мал чарбачылыгы туурасындагы статистикалык маалыматтар берилген. Областык комитетин маалыматына таянуу менен К.К.Румянцев Пишпек уездинин 93,2% калкы айыл чарбасында жашап негизинен мал чарбачылык жана дыйканчылык менен кесиптенишкендигин билдирет. К. К. Румянцевдин материалдарынан 1912-1913жж. карата Пишпек уездиндеги орус келгиндеринин чарбасындагы дифференциация процессинин жүрүшү, жергиликтүү калктын арасындагы малсыз кедей катмараларынын абалын сүрөттөгөн фактылар келтирилген.

**Кылычев А. М.:** Салттуу коом деген эмне?

**Пасанова К.:** Салттуу коом этностук баалуулуктар менен өлчөнөт.

**Арзыматова А. А.:** Тема татаал. Кыргыздар кандай социалдык топко бөлүнгөн? Ошол катмардын структурасынын өзгөрүшүнө эмне таасир эткен?

**Пасанова К.:** ар кандай коомдо жашап турган социалдык топтордун, катмарлардын өзгөрүүсү чоң хронологиялык мезгилди камтыган тарыхый процесс катары кароого болот. Ошол өңүттөн алып караганда жогорудагы авторлордун изилдөөлөрү XXк. 20-жылдарынын аягында жүргүзүлгөнүнө карабастан, аталган эмгектерде сүрөттөлгөн социалдык катмарлар, топтор XXк башында да жашап турушкан катмарлар катары кароого болот. Манаптар 6 топко бөлүнгөн бул маалымат авторефератта берилген.

**Арзыматова А. А.:** Акча товар маселеси кандай жаңы катмарды пайда кылды?

**Пасанова К.:** Соода сатык иштеринин өнүгүшү белгилүү мөөнөткө чейин товарды кредитке беруу формасын жараткан. П. П. Пален айыл чарбасында кредит берүүнүн уюштурулушун өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, 1870-жылдан тарта эле элдик кредит мекемелери туурасындагы маселе көтөрүлгөн жана ушул мезгилден баштап майда айыл чарба кредити иштей баштап, 1873-жылы ссудалык касса боюнча устав иштелип чыгып, анын максаты көчмөн жана отурукташкан элге суммалай акча берүү болгон деп белгилейт. Бай кыргыздардын арасында да товарды, акчаны кредитке берүү менен кедей катмарларды эзүүгө дуушар кылууга, жэ жалданып кошумча эмгек аткарууга мажбурлоо жаралган. Алсак, манап Абдулла Мусин экономикалык жана саясий күчкө ээ болуу менен, анын жеке менчик 6 дүкөнү, 110 аты, 60 ую, 1200 койу, көптөгөн жибек кездемеси жана Европа стандартындагы үйү болгон. Демек, Абдулла Мусин өңдүү бай манаптар соода тармагында суткорлук кылышып, өзүнө бир канча кыймылсыз мүлктү топтоого жетишкен. Ошол эле учурда калктын кедей катмарларына кредит бере баштаган, бай соодагерлер болгон. Маселен, Ысык-Көл уездинде жашаган соодагер Нарынбай Капалбаев кедей катмарларга жылына белгилүү шарт менен 20-25мин рубль кредит бере баштаган. Колониалдык доордо кредит берүү системасы өнүгө баштаган, бирок банктардан кредит алуу көчүп келгендерди колдоо максатта жүргүзүлгөн, көчмөндөр болсо негизиген жек кредит алышкан.

**Арзыматова А. А.:** Кушнер Павел Ивановичтин эмгеги эмне менен баалуу?

**Пасанова К.:** П. Кушнердин «Манапство в горной Киргизии» 1927 -жылы Ташкенттен чыккан эмгеги менен таанышканмын. Бул эмгекте манаптар тууралуу маалыматтар хронологиялык тартипте кеңири берилген.

**Төрага:** суроолоруңуздар жок болсо анда, эксперттик комиссиянын кортундулары менен таанышууга өтсөк. К. Пасанованын «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы- XX к. башы) » деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы боюнча эксперт т.и.д. А. Б. Болпонова иштеген жеринен командировкада Кытайда жүрөт, ошондуктан эксперттик корутундусу менен окумуштуу катчы Анара Карыевна тааныштырат.

**Окумуштуу катчы**: А. Б. Болпонованын К. Пасанованын «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы- XX к. башы) » деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы боюнча эксперттик корутундусу менен тааныштырды. (Корутунду тиркелет)

**Төрага:** сөз эксперт т.и.д. Н. Ж. Эсенкуловга берилет.

**Эсенкулов Н. Ж.:** Пасанова Клара Балтабаевнанын "Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы" (XIX к.экинчи жарымы – XX к.башы) деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациялык иш актуалдуу Иштин жетишилген жактары менен катар изденүүчүгө төмөнкүдөй сунуштарды бермекмин:

1) Пайдаланылган булактарды топторго бөлүүдө анын критерийлерин көрсөтүү зарыл
2) Практикалык сунуштарды күчөтүү керек.
3) Корутунду илимий ишти коргоо алып чыгылган жоболорго дал келтирүү керек.

4) Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр кездешет, аларды жоюп, УАК талаптарына ылайык келтириш керек.

Корутунду: Пасанова Клара Балтабаевнанын “Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы” (XIX к.экинчи жарымы – XX к.башы) деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишинин кол жазмасы КР окумуштуу даражасын берүү боюнча Жобосунун талаптарына жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө болуп саналат.

Диссертациялык кеңештин эксперти катары берилген документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин кандидиты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде Пасанова Клара Балтабаевнанын “Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы” (XIX к.экинчи жарымы – XX к.башы) деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Төрага:** сөз эксперт т.и.д. Ж. Жакыпбековго берилет.

**Жакыпбеков Ж.:** Пасанова Клара Балтабаевнанын “Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы” **(**XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) деген темадагы 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы менен таанышып УАКтын талабына ылайык корутунду чыгарылды. Иштин жетишилген жактары менен бире төмндөгүдөй айрым мүчүлүштуктөр бар:

1. Диссертациялык иштин мазмунундагы баптардын айрым аталышынын

окшоштугун өзөртүү керек.

2. Революция чейинки доор дегенди, советтик доорго чейин деп алмаштыруу зарыл.

3.Изилдөөнүн меттоддорун, изилдөөнүн ыкмалары деп өзгөртүш керек.

4.Изилдөөнүн методдорунда санжыра материалдары дегенди, оозеки булактар деп атоо керек.

5. Тап жана страта түшүнүктөрүн ачыктап жазуу зарыл.

6. Диссертациялык иште дайыма академиялык стилди карманыш керек. Мисалы, “край”, “ревизия” деген сөздөрдү кыргыз тилиндеги сөз менен же кыргызча түшүндүрмөсү менен жазуу керек. Мындан тышкары “көчмөн дыйкан чарбаларынын согун жырткычтык менен соргон” деген сүйлөмдө “сок” деген сөздүн башка маанисин кароо керек.

Корутунду: Пасанова Клара Балтабаевнанын “Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)” 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын алдын ала коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мучөлөрү, эксперттик комиссиянын корутундусу боюнча суроонуздар жок болсо, анда диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтсөк.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Пасанова Клара Балтабаевнанын «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы- XX к. башы)» деген темадагы кандидаттык диссертация боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик корутундусу бекитилсин.

**2.** Пасанова Клара Балтабаевнанын «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к.экинчи жарымы- XX к. башы) » деген темадагы диссертациялык иши 07.00.02. - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

*Жетектоочу мекеме* катары – Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин тарых кафедрасы.

*Биринчи расмий оппонент* - Эсенкулов Нурмамат Жокенович - тарых илимдеринин доктору, доцент.

*Экинчи расмий оппонент* – Бедельбаев Аскарбек - тарых илимдеринин кандидаты, доцент.

Диссертациялык кеңештин төрагасы Осмонов Ө.Ж

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы Карыева А. К.

ОБЩИЙ ОТДЕЛ ЖАЛПЫ БӨЛҮМ

Scanned with CamScanner